***Абдымомунова Гульжамыш Асековна***
***доц. м.а.***
***Педагогикалык факультети,***
***Мектеп, мектепке чейинки педагогика***
***жана окутуунун технологиялары кафедрасы***
***Ж. Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик***
***улуттук университети***

## МУГАЛИМДИК КЕСИП – АГА БОЛГОН ЗАМАНБАП ТАЛАПТАР

***Абдымомунова Гульжамыш Асековна***
***И.о. доцент***
***Педагогический факультет,***
***Кафедра школьной педагогии и образовательных технологии***
***Кыргызский государственный национальный***
***университет имени Ж. Баласагына***

## ПРОФЕССИЯ УЧИТЕЛЬ - СОВРЕМЕННЫЕ ТРЕБОВАНИЯ

***Abdytomunova Gulzhamysh Asekovna***
***acting docent***
***Faculty of Pedagogy,***
***The department of school pedagogic and educational technology***
***Kyrgyz National University named after J. Balasagyn***

## OCCUPATION OF TEACHER - THE MODERN REQUIREMENTS

***Аннотация:*** *Заманбап мугалим социалдык турмуштун бүгүнкү суроо талаптары, өспүрүмдөрдүн кызыгууларын, керектөөлөрүн, муктаждыктарын ачык айкын билип, алардын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн так аныктоосу өз алдынча эркин жана эмоционалдуу ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүүсү дайыма умтулуусу - учурдун талабы «Эли билимдүү болсо» – мамлекеттин баа жеткис байлыгы ошондо.*

***Аннотация:*** *Требования современности от современных учителей, учитывать интересы подростков, потребности, индивидуальных особенностей определяют способность самостоятельного мышления и эмоционального развития необходимого стремления. Ясное осознаие своих обязанностей помогают современному педагогу. «Народное образование» - богатство государства.*

***Annotation:*** *The modern requirements of today's teachers, to take into account the interests of teenagers needs of individual features, the ability of independent thinking and emotional development of the necessary commitment. Clear realizing of ther responsibilities help to the modern teacher. "Folk education" - the wealth of the state.*

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *Көчмөн турмуш, өзгөчө мүнөз, тарбия берүү, жаштарга кам көрүү, социалдык тажрыйба, элдик оозеки чыгармачылык, элдик каада-салт, «Манас» эпосу, заманбап мугалим, педагогдук милдет, инновациялык технологиялар, интерактивдүү ыкмалар.*

***Ключевые слова:*** *Кочевничество, особый характер, воспитание, забота о подрастающем поколении, социальные навыки, устная и народная традиция, эпос «Манас», современный учитель, педагогическая цель, инновационные технологии и интерактивные методы.*

***Key words:*** *Nomadism, a special character, training, care of the growing generation, social skills, oral and folk tradition, the epic «Manas», the modern teacher, pedagogical purpose, innovative technology and interactive methods.*

Мугалим – бул кесиптин жаралышы, кеңири жайылышы бир нече мезгилди өз кучагына камтыйт. Албетте, мугалимдик кесиптин кыргыз турмушундагы орду, таркашы байыркы көчмөн турмуштун системасында бир кыйла өзгөчө мүнөздө болгон, кыргыз элинде тарбия берүү, жаштарга кам көрүү калыптандыруу көбүнчө оозеки түрүндө, ал эми практика күнүмдүк тиричилик жашоо менен айкалышып иш жүзүнө ашып келген.

Адамдын жашоого болгон табигый күрөшү, адам коомунун өнүгүшү үчүн социалдык тажрыйба муундан муунга берилип турушу дайыма зарыл болгон көрүнүш. Ошондуктан «Таалим тарбия берүү алгачкы адам жаралгандан баштап эле кошо жаралган эч кандай педагогикасы жок эле, ал эмес анын бар экендигине шек санай элек кездерден тартып эле балдарды тарбиялап келишкен» деп педагог Подласый И.П., айткандай, таалим-тарбия берүүнүн өзү – адам менен бирге жаралган коомдук социалдык көрүнүш [8]. Ошондуктан кыргыз элиндеги тарбиялоонун башатын анын этногенези менен тыгыз байланышта кароого болот.

Эң негизгиси доордон доорго, укумдан – тукумга оозеки түрүндө берилип келишин элдик оозеки чыгармачылык, элдик каада-салт, үрп адаттар болгондугуна тарыхыбыз далил. Ал эми элдик оозеки чыгармалардын, тарбиялык, таанып билүүчүлүк, ар тараптан өнүктүрүүчүлүк негиздери тууралу А.Акматалиев, С.Рысбаев, А.Алимбеков, А.Эшиевдердей окумуштуулардын эмгектеринде баса көрсөтүлгөн, алардын бири «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармаларында кыргыз элинин тарыхында өзүнчө эле мугалимдин милдетин аткарып келгендигин билүүгө болот [3.4.5].

Албетте, жогоруда айтылгандар улуу кенч, мурастар, алардын улуулугу улуттук дөөлөттөр, болгондугу менен аныкталбай, тарбия берүүнүн каражаты, инструменти ал эмес, тарбиянын өзү экендиги менен баалуу.

Айтылгандарды биз эч бир тана албайбыз. Өткөндөрүбүз болбой туруп кийинкибиз кайдан уланат [3].

Эгемендүүлүктү алганга чейин бардыгыбызга айтпасак деле белгилүү учурунда «мугалим эжей», «мугалим агай» деген аты абдан бийик туруп эжей же агай келе жатат деп ордунан тура калып астынан чыгып сыймыктануу менен учурашаар эле.

Учурда окуучулар же студенттер мугалимдерди керек болсо кээ бирде жөөлөп кетишкенин кезиктирүүгө болот. Мындай көрүнүштү бардык бүтүндөй жаштарыбыз жасап жатышат деп айткандан алыспыз. Ошентсе дагы бул учурда болуп жаткан бирден бир көрүнүш. Балким, заманбап жашообузга, заманбап мектеп, заманбап мугалим, заманбап тарбия жетишсиз болуп жүрбөсүн? [2].

Дүйнө бир орунда турбайт демекчи заманыбыз күн санап өзгөрүп дүйнөлүк глобалдуу жаңылануулар учурдун талабына төп заманбап мугалим элибизге абадай, суудай керек болууда. Ар бир адамга билим дүйнөсүнүн эшигин мугалим ачат. Анткени, мугалим бул суу аккан арыктын башындагы кулак сымал, кулактын башын каяка бурсаң суу ошол жакты карай агат, демек мугалимдер, келечек муунга кандай тарбия, билим берсе келечектеги жаштарыбыз ошол тарбия, ошол билим менен кете беришет. Заманбап мугалимди окутуу, ага билим берип тарбия-

лоо, калыптандыруу жана жаш муундардын келечек кесипке жөндөмдүүлүгүнө жол тапканга түрткү болуп жол ачып берген жогорку окуу жайлардын мугалимдери болуп саналат.

Ушул айтылгандар сыяктуу мугалимди бүгүнкү күндө тарбиялоонун эң оптималдуу жолдорун издөө талабы коюлууда. Чындыгында кийинки кезде билим берүү, окутуп тарбиялоо, өнүктүрүүдө бир топ оош-кыйыштар болду. Мамлекеттин эгемендүүлүгү, базар экономикасы, баш аламан орто кесиптик, жогорку окуу жайлардын козу карындай тез салынып сапатына карабай өсүшү. Капчыктары толтура инсандарыбыз жеке, баш аламан, бирин бири кайталаган окуу жайларды ачышы.

Педагог адистерди даярдоонун методологиялык негиздери теориялык планда иштелип чыкканы менен аларды практикада колдонуу маселеси али да толук канааттандырбай жаткандыгын айтсак болот. Мектептерде кээ бир предметтин мугалимдери али да болсо жетишсиз. Ал эми бүгүнкү күндүн мугалимдери, мугалим – дыйкан, мугалим – фермер, мугалим – бизнесмен, мугалим – коммерсант болушуп мугалимдик кесибин иштебей келет, мындай кырдаалга базар экономикасы аргасыз кылган, себеби мугалимдин айлык маянасынын төмөндүгү күнүмдүк жашоо тиричиликтин өтүшүнө өз кедергисин тийгизген [2].

Келечектеги мугалим студенттик кезинен тарбияланып (окутуунун лингвистикалык, дидактикалык, психологиялык,) атап айтканда окутуунун технологияларын, формаларын, каражаттарын жетиштүү билүүгө ал боюнча белгилүү бир көндүмдөргө тажрыйбага ээ болушу зарыл [5].

Тактап айтканда болочок мугалим окутуунун методдорун жана формаларын жеткиликтүү өздөштүрбөсө, анда анын тандоо укугу чектелүү. Ага ылайык педагогдук милдеттерин өз ишмердигинде аткара албайт. Ошондуктан студент теориялык алган билимин практикага айландырып, мугалимдик ишмердикти азыртадан баштоосу керек.

Заманбап мугалим социалдык турмуштун бүгүнкү суроо талаптары, өспүрүмдөрдүн кызыгууларын, керектөөлөрүн, муктаждыктарын ачык-айкын билип, алардын индивидуалдуу өзгөчөлүктөрүн так аныктоосу өз алдынча эркин жана эмоционалдуу ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүүсү дайыма умтулуусу учурдун талабы, анткени азыркы мезгилде окуучулар жана студенттер 70 – 80 % маалыматтарды билим берүү тармагынан, мугалимден эмес, ата энеден жана массалык маалымат каражаттарынан, курчап турган жашоо тиричиликти байкоо процессинен алышууда [2]. Мындан биз педагогикалык процесстин жаңы сапаттуу деңгээлине өтүүсүнө ылайыктап окутуунун билим берүүнүн татаал инновациялык технологияларын, интерактивдүү ыкмалары аркылуу окуучу жана студенттердин интеллектуалдык жактан коомдун өнүгүү багытына жараша өнүктүрүүнүн убагы келди.

Элибизде «Көп жашаган билбейт көптү көргөн билет» деп айткандай билим берүү системасында көп жыл иштеген мугалимдердин тажрыйбасына эмес, окутуунун инновациялык билим берүүдөгү элементтерин, принциптерин, жаңы идеялар менен чыгармачылыкта аны колдонуунун ордун, ирettүү үлгүн өздөштүргөн заманбап мугалимдердин ишмердүүлүгүнө таянышыбыз керек [5].

Инновациялык ишмердүүлүктө сөзсүз түрдө педагогикалык процесске катышкан окуучу же студент, жана аны жүргүзгөн мугалимдин кызыкчылыктары бирдей болгондо гана максатка жетебиз.

Мугалимди мугалим кылган анын түбөлүктүү куралы - анын өз билимин туруктуу өркүндөтүүсү, баланын инсандык сапатын калыптандырууда өзүнүн интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу жана күндөлүк сабакка жогорку сапатта болгон даярдыгы болуп саналат.

Ошондуктан мугалим мезгилден артта калбай, билим алып мугалимдик кесибиндеги бүт өмүрүнүн агымында билимин жаңылантып билим куржунун бөксөртпөй толтуруп турушу үчүн бүгүнкү күндө аларга ар кандай эл аралык деңгээлде долборлор, «Социалдык өнөктөштүк» андан сырткары бекер онлайн сабактар, илимий методикалык квалификацияны жогорулатуучу борборлордун кызматын пайдаланышы керек.

«Беш кол тең эмес» деп кыргызда айтылгандай учурдагы жаш педагогдордун арасында интеллектуалдык деңгээли учур талабына жооп бербегендерин да кездештиребиз [5]. Алар баш көтөрбөй окуп аракеттенишет, бирок ошол билимин практика менен айкалыштыра албай өзү дагы өзгөнү дагы татаал процесске дуушар кылат.

«Миң күн баш көтөрбөй окугандан көрө, бир күн билги мугалимден сабак ал», - деп айтылган макал (жапан макалы) бекеринен болбосо керек [7].

Бул учурдагы мугалимдин келечеги болбойт, чыгармачыл, эмгегин кесибин сүйгөн инсан чыкпайт, анткени ар бир инсандын кесибине карата тубаса таланттын ээси болушу керек.

Заманбап жаш мугалим талбай изденип билим берүүнүн жаңы технологияларын жогорку деңгээлде өздөштүрөт, дүйнөгө болгон көз карашы жогорку интеллектуалдык деңгээлде болот.

Мындай мугалимдин колунда тарбияланган окуучу же студент замандын талабына шайкеш келген жаңы доордун чыныгы ээси болоруна шек жок. Жаш мугалимдердин интеллектуалдуу деңгээлин көтөрүү социалдык жактан абалын жакшыртуу учурдун эң актуалдуу маселеси, мамлекетибиз учурда мугалимдер үчүн ар кандай каржылоо, кадрларды кармаганга кошумча төлөм, камкордук, кызыкчылыктар бар, бирок булар жетишсиз. «Эли билимдүү болсо» – мамлекеттин баа жеткис байлыгы ошондо [7].

**Адабияттар:**


1. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. «Турар» басма канасы Б. 2009.
2. Интернет булактары. 2015 ж.
3. Акматалиев А. Каада- салт, адамдык оңтерс сапат. –Б: Байтик 2002.400 - б.
4. Рысбаев С.К. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо. -Б. 1998-64 - б.
5. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы: 1 бөлүк.- Б. 1996-69 - б.
6. Эшиев А.М. Орто турк доорундагы педагогикалык ойлор.-Б. 2006.-308-б.
7. Чыманов Ж.А. Тил жана ыйман түшүнүктөрү. // Илим, инновация жана турмуш. –Б. 2004. № 2. -45-47 б.б.
8. Подласый И.П. Педагогика : Учебник. М: Высшее образование. 2006. –(42. 259. 340.с).


***Рецензент: д.п.н., профессор***

***Муратов А.***